**«Шайлоочуларды идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режимде апробациялоонун айрым маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечиминин долбооруна**

# МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 6-февралындагы ПЖ №19 Жарлыгы (мындан ары – Жарлык) менен Кыргыз Республикасынын Нарын, Баткен, Ош, Талас жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо дайындалган.

Жарлыктын 2-пунктунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) убактылуу регламенттөө жана башка зарыл болгон чараларды көрүү менен аралыктан, электрондук добуш берүү формаларын, жабдуулардын модернизацияланган түрлөрүн колдонууну пилоттук режимде апробациялоо мүмкүнчүлүгүн кароо тапшырылган.

Жарлыктын 3-пунктунун бешинчи абзацында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Борбордук шайлоо комиссиясынын пилоттук режимде апробациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечимдерине ылайык шайлоочуларды идентификациялоо программаларын өркүндөтүү боюнча чараларды көрүүсү тапшырылган.

Ушуга байланыштуу, жогоруда аталган Жарлыкты ишке ашыруу, ошондой эле жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу менен мүкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, шайлоо процессинде колдонулуучу технологияларды өркүндөтүү үчүн шарттарды жакшыртуу максатында Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан «2023-жылдын 9-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо электрондук добуш берүүнү жана идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режиминде апробациялоо жөнүндө» 2023-жылдын 22-февралында №12 токтому кабыл алынган.

Борбордук шайлоо комиссиясынын аталган токтомунун 1-пунктунун 2-пунктчасы менен 2023-жылдын 9-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо айрым шайлоо участкаларында шайлоочуларды идентификациялоонун мультифункционалдык жабдууларын пилоттук режимде апробациялоо жөнүндө чечими кабыл алынган.

Жогоруда аталган токтомдун 4-пункту менен түзүлгөн шайлоочуларды идентифтикациялоо программасын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун ишинин жүрүшүндө, шайлоо участкаларында шайлоочуларды идентификациялоонун мультифункционалдык жабдууларын пилоттук режимде апробациялоо сунуш кылынган.

Сунуш кылынган идентификациялоонун өркүндөтүлгөн жабдуулары төмөнкүдөй функцияларга ээ:

- паспорттун MRZ-зонасын окуп таануу;
- колдун манжаларын сканерлөө;
- өң-түсүнүн геометриясы боюнча идентифтикациялоо;
- өң-түсү боюнча идентификациялоодон өткөн жак жөнүндө маалыматтарды дисплейге чагылдыруу;
- биометрикалык идентификациянын жол-жоболорунан ийигиликтүү өткөндөн кийин тийиштүү шайлоо округунун шайлоо бюллетендерин басып чыгаруу функциясы.

Азыркы учурда мындай функциялар өз-өзүнчө жабдуулардын комплекси менен аткарылат.

Мындан тышкары, пилоттук режимде апробациялоодон кийин шайлоо бюллетендерин басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү менен идентификациялоонун мындай жабдууларын пайдалануу келечекте шайлоо бюллетендерин типографияда даярдоодон үнөмдөөгө, биометрикалык идентификациянын жол-жоболорунан ийгиликтүү өткөн шайлоочулардын санына жараша бюллетендердин керектүү гана санын даярдоого көмөктөшүшү мүмкүн.

Алдын-ала сүйлөшүүлөргө ылайык, идентификациялоонун мындай жабдууларын чыгаруучу компаниянын пилоттук режимде апробациялоо үчүн мультифункционалдык жабдуулардын 12 комплектин берүү мүмкүнчүлүгү бар.

Ушуга байланыштуу, чечимдин долбоору менен Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек айылдык кеңешинин 5 шайлоо участкасында (№8059, №8058 №8060, №8186, №8087), 1 шайлоо участкасына 2 ден шайлоочуларды идентификациялоо жабдуусунун комплектин коюу, ошондой эле 2 комплекти резервде кармоо эсебинде, пилоттук режимде модернизацияланган шайлоочуларды идентификациялоо жабдууларын апробациялоо үчүн участкаларды белгилөө сунуш кылынат.

Ошондой эле долбоордо Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын колдонуу боюнча Баткен аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутууну камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагына пилоттук режимде колдонулуучу жабдууларды алып киргизүүгө жана алып чыгууга байланышкан уюштуруучулук-укуктук мүнөздөгү маселелерди чечүү боюнча тапшырмалары каралган.

**КР БШК нын аппаратынын**
**укуктук камсыздоо**
**бөлүмүнүн башчысы** **М.Кутбердиева**

**КР БШК нын аппаратынын**
**МКТ башкармалыгынын**
**башчысы** **А.Акимбаев**